**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**БЕРДИКЕ БААТЫР АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАКСКИЙ КЕҢЕШ БЕРДИКЕ БААТЫР**

# Т О К Т О М
# П О С Т А Н О В Л Е Н И Е

**2024-жыл 17-январь № 1** **Кум-Арык айылы**

**«Бердике баатыр айыл аймагынын 2024- жылдын бюджетин бекитүү жөнүндө»**

Депутаттардын Бердике баатыр айылдык Кенешинин VIII–чакырылышынын кезектеги № 28 сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Бердике баатыр айыл өкмөту боюнча 2023-жылдын бюджетинин аткарылышы **17834,5** миң сомду тузүп, чыгаша бөлүгү **14941,7** миң сом болгон , эркин каражат боюнча калдык **3470,3** миң сомду түздү, бюджеттин аткарылышы канаттандырарлык деп табылсын.

**2.** Бердике баатыр айылдык аймактык Кеңешинин 2024- жылдагы бюджетинин киреше бөлүгү **8606,2 миң сом** жана чыгашалар боюнча **8606,2** миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**3.** Бердике баатыр айылдык аймактын Кеңешинин 2024- жылдагы бюджетти кароодо киреше бөлүгү боюнча № 1тиркемеге ылайык булактардан турары аныкталсын.

**4.** Бердике баатыр айылдык аймактын Кеңешинин 2024- жылдагы бюджеттинин чыгаша бөлүгү боюнча жалпы өлчөмү № 2 тиркемеге ылайык белгиленип бекитилсин.

**5.** Бердике баатыр айылдык аймактын Кеңешинин 2024- жылга бюджеттин накталай кассалык жүгүртүү акча каражаттарынын көлөмү № 3 тиркеменин негизинде белгиленип бекитилсин.

**6.** 2024- жылга карата Бердике баатыр айыл аймагы боюнча жалпы бөлүмдөрдөрдүн чыгаша бөлүгү № 4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

**7.** Бердике баатыр айылдык аймактын Кеңешинин 2024- жылдагы « Байчечекей» бала бакчасы кошумча каржылоо жана ата-энелер төлөмү 3-октябрь 2022-жылдын № 4 протоколунун негизинде ар бир бала санына 800 сомдон төлөмү жалпы колдоого алынган.Ата-энелердин төлөмдөрүнөн чогулган каражат (165 бала *800 *8 = 1056,0) атайын эсептик счетко (спец.счет) төгүлүп чыгымдалсын, № 6 тиркемеге ылайык бекитилсин.

**8.** Жайыт пайдалануучулардын коомунун 255,0миң сом киреше бөлүгү № 7 тиркеме негизинде бекитилсин.